Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 5- чакырылышын
29- кезексиз отурумунун
Т О К Т О М У

26. 12.2022-ж №29/2 Кабылан-Көл айылы

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 8-сентябрындагы №01/199 чыгыш каты менен келген Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы “ Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндөгү» ПЖ № 305 Жарлыгын аткарууга алуу максатында Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 21-сентябрынын №107 буйругунун негизинде Жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча функциялардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн иштердин, милдеттердин тизмесин бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн башчысынын жергиликтүү маанидеги маселени чечүү жөнүндөгү сунушун талкуулап Кабылан-Көл айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы “Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндөгү» ПЖ № 305 Жарлыгын жана жетекчиликке алынсын.

2. Калктын экологиялык маданиятын жогорулатуу, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана тиричилик калдыктарын иштетүү, анын ичинде катуу тиричилик калдыктарын өзүнчө чогултуу чөйрөсүндөгү укук бузуулардын алдын алууга өзгөчө көңүл буруу менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүлсүн.

3. Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 21-сентябрынын №107 буйругунун негизинде Жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча функциялардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн/иштердин, милдеттердин тизмеси бекитилсин.

4. Бекитилген функцияларды аткаруу, кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды уюштуруу жана милдеттерди аткарууну камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кенештин туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

Кабылан-Көл айылдык
Кеңешинин төрагасы : Ш.К.Акаев

Кабылан-Көл айылдык кеңешинин
2022-жылдын 26-декабрындагы
№ 29/2 токтомуна тиркеме

Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча кызматтардын фунциялардын милдеттердин тизмеси:

| № | Кызматтын /функциянын милдеттин аткалышы | Аткаруу үчүн жооптуу |
|---|---|---|
| | 1.Кызматтар | |
| 1.1 | Таштанды таштоочу жайларды тактап берүү | Жер адис |
| 1.2 | Тиричилик калдыктарын чыгаруу жана жок кылуу | Жер адис |
| | 2. Функциялар | |
| 1.3 | Катуу калдыктарды жыйноо, ташып чыгаруу жана жок кылуу боюнча иш-аракеттерди пландаштыруу | Айыл өкмөт башчысы |
| 1.2 | Айылдарга көчө-көчөлөргө таштанды таштоочу ящиктерди уюштуруп берүү | Айыл өкмөт башчысы |
| 1.3 | ТККны чогултуу боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу | Жер адис |
| 1.4 | Таштандыларды убагында тез-тез тазалап туруу | Жер адис |
| 1.5 | Көрктөндүрүү эрежелери боюнча маалымат берүү | Жер адис |
| | 3. Милдеттенмелер | |
| 3.1. | ТККны чогултуу жана жок кылуу боюнча кызмат корсөтүүгө атайын жабдууларды сатып алуу | Жер адис |
| 3.2 | Таштанды ташуучу автомашиналарга күйүүчү май менен камсыз кылуу | Башкы эсепчи |

Жооптуу катчы Г.Сарыбаева